**Кыргыз Республикасынын ИИМ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНДУК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ**
Инд.722640, Ак-Талаа району Баетов айылы Манас көчөсү №42 т.0(3537)92-1-87

**МВД Кыргызской Республики**
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ**
**ОВД АК-ТАЛИНСКОГО РАЙОНА**
Инд.722640, Ак-Талаа р\н., с.Баетов ул.Манас № 42 тел: 0(3537)92-1-87

"27" 11.2021-ж № 14/5377
"__" ______________ №________ катка

№ 32 Кочкор шайлоо округунан
Коммиссиясынын төрагасы ыкчам –
чара көрүү тобунун төрагасы
**Т. Тилемишовго**

**М А А Л Ы М А Т**
(Ак-Талаа РИИБнүн МЭЖна № 02-021-2021-000428 сандуу катталган материал боюнча)

Ак-Талаа РИИБнүн документтештирүү тобу тарабынан талапкер Ажымамбетов Актан Айылчиевич 2021-жылдын 27-ноябрь күнү № 32 Кочкор шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Ажымамбетов А[redacted] А[redacted], 2021-жылдын 27- ноябрь күнү Whatsapp Messenger колдонмо аркылуу жалпы топторго 0703[redacted] абоненттик номер аркылуу "Урматтуу Ак-Талаа элинин жашоочулары. Чечүүчү күнгө да жетип келдик. Намысты ойготолу. Өзүбүз да ойгонолу. И жакшылап ойлонолу. Биздин эки жигитте чоң мүмкүнчүлүк бар. Алар Мирлан Самыйкожо уулу жана Мурадил Сыдыков. Башка да улан кыздар бар. Ачык айтканда аларда.Жумгал менен Кочкордон добуш ала алышпайт. Демек келечеги күмөн. Балким алар өздөрү деле билет. Алардын талапкер болгону Ак-Талаага пайда эмес, тескерисинче зыян алып келет. Себеби жүз, эки жүздөн добушту жок кылышат. Ошентип добуш чачырап отуруп бирөө дагы илешпей калаары айтпаса да түшүнүктү. Андыктан шансы бар эки баланы жабалактап колдоп алалы. Көтөрүп алалы. Туура түшүнүү менен карагыла. Жеке мандаттан бирөө.партиядан бирөө эле өтсө эки депутаты бар Ак талаа болобуз. Ишенгиле сөзсүз болот. Биз биригели. Жумгал бизден эки эсе. Кочкор үч эсе көп. Биз аз элбиз. Демек бизге ынтымак керек. Бөлүнбөйлү биригели. Көздү канча ачылса ошончо ачалы. Калган талапкерлер эмкиге даярдансын. Аларга да шанс келген кезде. Ак -Талаа эли ушинтип биригип шайлап алабыз. Биз баарыбыз бир тууганбыз. Сиздерден суранам.ар бириңердин добушуңарды өз келечегибиз үчүн Мирлан Самыйкожо уулу менен Мурадил Сыдыковго бериңиздер. Биз колдосок сөзсүз өтөт. Сиздерге кайрылуу кылган сиздерди урматтаган уулуңар Ак-Талаанын туңгуч азырынча жалгыз кыздуу Жакут Сыдыков" деп үгүт иштери токтосо дагы Whatsapp Messenger колдонмо аркылуу таратылып жаткандыгы боюнча териштирүүнү сурап № 32 Кочкор шайлоо округтук шайлоо коммиссиясына жана ыкчам-чара көрүү тобуна телефон аркылуу билдирип, № 32 Кочкор шайлоо округтук шайлоо коммиссиясы жана ыкчам-чара көрүү тобу Ак-Талаа РИИБнө билдирген.

Бул факты боюнча 27.11.2021- жылы саат 15:24 Ак-Талаа РИИБнүн автоматташтырылган маалымат электрондук журналына 02-021-2021-000428 сандуу катталып, Ак-Талаа РИИБнүн документтештирүү тобу тарабынан талапкер А.Ажымамбетов бөлүмгө камсыз кылынып, "2021-жылдын 27-ноябрь күнү шайлоонун үгүт иштери аяктагынына карабастан дагы деле талапкер Мирлан Самыйкожонун адамдары Вацапт группаларгаүгүттө сөздөрүн киргизип жатышат деп менин 0707-[redacted] сандуу телефонума 0500-[redacted] сандуу номерлүү телефондон Сыдыков Жакут атту адамдын элге үгүттө кайрылуусун жөнөттү. Бул маалымат тууралу мен №32 Кочкор шайлоо округунун кызматкерлерине маалымдап, мыйзамдуу чара көрүп берүүлөрүн сурадым. Бул окуя тууралу Ак-Талаа РИИБнө келип, көрсөтмө бердим " деп өз түшүнүгүндө көрсөткөн.

Ал эми, жогорудагы Whatsapp Messenger колдонмо аркылуу таратылган кайрылууну жазган Нарын облусунун Ак-Талаа районунун [redacted] айылынын жашоочусу, [redacted]-жылы

туулган Сыдыков [redacted], 2021-жылдын 26-ноябрь күнү саат 22:00 чамасында эл катары өзүм ишенген талапкерлерге добуш берүүсүн сурап кайрылуу кат жазгам, аны айылымдын Воцапп группасына жөнөтком. Мыйзам боюнча 2021-жылдын 27-ноябрь күнү таңкы саат 08:00 до агитация токтомок, мен мыйзамга каршы иш кылган жерим жок” деп өз түшүнүгүндө көрсөткөн.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 23-беренесинин 1-пунктунда “шайлоо алдындагы үгүт баардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга 24 саат калганда токтойт” деп так көрсөтүлгөн.

Мындай жагдайда, текшерүүнүн жыйынтыгы менен бул факты боюнча 27.11.2021- жылы саат 15:24 минутада Ак-Талаа РИИБнүн автоматташтырылган маалымат электрондук журналына 02-021-2021-000428 сандуу катталган материалда кылмыштын жана жоруктардын курамынын белгилери аныкталбагандыктан, 27.11.2021-жылы №НД-021-2021-000053 сандуу номенкулатуралык делого чыгыштталып, текшерүүдөн кыскартылгандыгын маалымдаймын.

**Начальник**
милициянын полковниги

**М.Осмоналиев**